**Окуу- методикалык комиссиянын отурумунун**
**№3 ТОКТОМУ**

Өткөрүлгөн күнү: 15.02.24.

## Күн тартиби:

1. 1- жарым жылдыкка окутуучулардын окуу жүктөмүнүн аткарылышы боюнча отчеттору. Отчет преподавателей о выполнении учебно-методической нагрузки за 1 полугодие.
2. Семинарларга катышуу ( квалификацияны жогорулатуу). Посещение семинаров (повышение квалификации).
3. Курстук жана дипломдук иштердин темаларын талкуулоо. Тегерек стол, курстук иш , дипломдук иш жана студенттин өз алдынча иштерин аткаруу боюнча методологияны бекитүү. Обсуждение тем курсовых и дипломных работ. Утвердить методологию СРС, курсовых, дипломных работ и круглых столов.

Катышкандар:Раимбекова Э., Исмаилова А., Кыдыкбаева У.,Мамбеткалиева, М.Токтоналиева К., Алымбекова Г., Кеңешбай к. А., Субанбекова А.

1- маселе боюнча окуу- методикалык комиссиянын төрайымы Субанбекова А.: 1- жарым жылдыкка окутуучулардын окуу жүктөмүнүн аткарылышы боюнча Раимбекова Э.Р. маалымат берип койсо.

Раимбекова Э.Р.: 2023-2024- окуу жылынын 1- жарым жылдыгына карата окуу бөлүмү расписаниеге коюп береген окуу жүктөм толук аткарылды. Кыргыз тили жана адабияты багыты боюнча расписаниеге сабактар 31- октябрда коюлган. Калган багыттар баардыгы 1- ночбрдан баштап сабактар коюлган. 2 айдын ичинде кандай жүктөм босо, ар бир мугалим окуп бүтүүгө аракет кылышты.

2- маселе: Семинарларга катышуу ( квалификацияны жогорулатуу). Окуу- методикалык комиссиянын төрайымы Субанбекова А.: урматтуу кесиптештер, кквалификацияларды жогорулатуу боюнча атайын курстардан өтпөй жүрөбүз, ошондуктан, окуу бөлүмү биз үчүн февраль айынын ичинде ар бир дүйшөмбү күнү саат 10 до сапат менеджментинин системасы боюнча семинар өткөрөт. Ошондуктан, ошо семинарга аракет кылып катышып берүүңүздөрдү суранам.

Жарыш сөзгө чыккандар:

Раимбекова Э.: урматтуу кесиптештер, Программанын жетекчиси катары баарыңардан суранып кетет элем, ушу семинарга катышыңыздар. катыша албагандар үчүн почтаңарга презентацияларды салып турам.

Кыдыкбаева У.С.: албетте, ар бирибиз квалификациябызды жогорулатып турсак, абдан жакшы болмок, бирок, мен былтыр эле жогорулатуучу курстан өткөм. Андыктан, график менен өтө электер курстарга барышса жакшы болмок.

Окуу- методикалык комиссиянын төрайымы Субанбекова А.: мен графикти түзүп жатам.

3- маселе: Курстук жана дипломдук иштердин темаларын талкуулоо.

Окуу- методикалык комиссиянын төрайымы Субанбекова А.: студенттердин 3-курстары курстук иштерди, ал эми 4- курстар дипломдук иштерди жазыша турган болду. Ошондуктан, мен Э.Р.Раимбекованы бул маселени чечип берүүсүн сурангам.

Жарыш сөзгө чыккандар:

Раимбекова Э.Р.: бул маселе боюнча студенттер менен талкуулап, мугалимдерге тапшырма бергем. Ар бир мугалим дипломдук жана курстук иштердин темаларын даярдап коюшту. менин оюмча студенттер жаза албай турган кыйын темалар деле жок.

Токтоналиева К.К.: Мен мисалы, темалардын бардфыгын методикага басым жасап, түзүп чыктым. Ошондо дипломдук иштерди бөлүштүрүүдө ар бирибизге канчадан студент тиет?

Алымбекова Г.: мен болсо жалаң орус адабиятына басым жасадым.

Раимбекова Э.Р.: Ысакулов К. агай мисалы, чет тилинин бардык дипломдук иштеринин темаларын түзүп чыкты.

Субанбекова А. кыргыз адабияты боюач, ал эми Кыдыкбаева У. методика жана Мурасартов Б. кыргыз тили боюнча түздү.

Кыдыкбаева У.С.: мен Клара Карпековнанын суроосуна жооп берип койсом. мисалы, илимдин кандидаттарына көбүрөөк студент тиет, ал эми Программада иштеген улук окутуучуларга бирден студент бөлсөк болот.

Окуу- методикалык комиссиянын төрайымы Субанбекова А.: эгерде курстук жана дипломдук иштердин темалары боюнча суроолор жок болсо мен окуу бөлүмүнө бекитүүгө бере берем.

Андан тышкары методологияларды да бекитип алышыбыз керек.

Раимбекова Э.Р.: курстук иштин, дипломдук иштин, тегерек столдун жана өз алдынча иштин методоллогиясы иштелип чыкты, бекитүүгө берилиши керек.

**Отурум токтом кылат:**

1. Отчеттор жактырылсын.
2. Семинарга катышуу толук аткарылсын.
3. Дипломдук жана курстук иштердин темалары бекитилсин.

ОМКнын төрайымы: Субанбекова А.

Катчы: Кеңешбай к. А.

"Филология" Программасынын № 8 отурумунун Протоколу

Күнү: 27.04.24.

Күн тартиби:

1. Студенттердин илимий-практикалык конференциясын өткөрүү боюнча маалымат;
2. Ачык эшиктер күнүн өткөрүүгө даярдануу;
3. Дипломдук иштерди алдын ала коргоо.

Катышты: 7 профессорлук-окутуучулук курам.

Жүрүшү:

Раимбекова Э.Р.: Урматтуу Программанын окутуучулары, 24-апрель күнү окуу жайда ЖОЖдор арасында студенттик конференция болуп өттү. "Инновации и перспективы развития в современном образовании: вызовы и возможности" деген теманын алкагында окутуудагы инновациялык усулдар, жаңы технологиялардын өнүгүшү сыяктуу темаларды камтыды. Биздин Программадан 6 студент катышып, сыйлуу белектер жана грамоталар менен сыйланды. Илимий конференцияга студенттерди даярдаган окутуучулар Исмаилова А., Раимбекова Э., Токтоналиева К.К., Алымбекова Г.Б. ыраазычылык кат менен сыйланышты.

Жарыш сөзгө чыккандар:

Исмаилова А.: бул конференция биздин студенттерге көп нерсе берди деп ойлойм, биринчиден , стимул. Экинчиден, өздөрүнө ишеним пайда болду.

Алымбекова Г.Б..: онлайнга чыга албай калган студенттердин иштерин укпай калдык. Мисалы Еременко Любовь, С.Есенин жөнүндө жакшы макала жазган эле.

Раимбекова Э.: ооба, менин да бир студентим Сагынбек кызы Айзада макаласын окуй албай калганы өкүнүчтүү болду.

Токтоналиева К.К.: бул конференцияда көпчүлүк студенттер окутуунун усулдары боюнча тема тандаганы мени кубандырды. Бирок, кээ бир мугалимдердин суроолоруна жооп таба албай калып жатышты. Мен обзорная лекция өтүп, окутуунун инновациялык усулдарын үйрөтүп берүүнү туура таптым.

2. Ачык эшиктер күнүн өткөрүүгө даярдануу.

Раимбекова Э.Р.: урматтуу кесиптештер, 2 - маселе ачык бойдон калууда, себеби, ачык эшиктер күнүн өткөрүүнүн ордуна окуу жайда профориентация иштерин кызуу

жүргүзүүдө. Биздин Программадан мен Тарбия иштери боюнча департаменттин жетекчиси менен бул иштерди чогуу жүргүзүп жатабыз. Сиздер да студенттерди алып келүү боюнча иштерди жүргүзө бергиле.

Исмаилова А.: Бул ишти жылына жүргүзүп келебиз. Быйыл да студент алып келгенге аракеттенебиз.

3. Дипломдук иштерди алдын ала коргоо.

Раимбекова Э.Р.: Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы саны -17. Алардын ичинен кыргыз тили жана адабияты багыты боюнча -4, орус тили жана адабияты багыты боюнча -8, чет тили багытынан -5.

Бул студенттердин ичинен 3 отчислениеге кетишти.

Жетекчилер бекитилген. Алдын ала коргоо 27-майга коюлду. Ар бир жетекчи өз студенттериңиздер менен иштеп, мага анализ бериңиздер. Менин анализим боюнча бүгүнку күнгө дипломдук иштердин 50%ы бүттү.

Токтоналиева К.К. : менин эсебим боюнча мага берилген 2 студент окуудан чыгарылып калыптыр.

Алымбекова Г.: мен өз студенттерим менен иш алып барып жатам.

Субанбекова А.: менин бир студентим 100% жазып бүттү.

Исмаилова А.: менин да бир студентим 90% жазып бүттү.

Отурум чечим кылат:

1. Студенттердин илимий-практикалык конференциясын өткөрүү боюнча маалымат эске алынсын;
2. Профориентация иштери толук жүргүзүлсүн;
3. Дипломдук иштерди алдын ала коргоого даярдыктар көрүлсүн.

Программа жетекчиси Раимбекова Э.Р.

Катчысы Кеңешбай кызы А.